**Нускама:**

1. Теориялык турдун тапшырмаларынын үстүндө иштөө убактысы тыныгуусуз 4 саатка созулат.
2. Тапшырмаларды эсептөөдө черновик колдонсо болот, андан кийин маселенин туура чыгарылышын иш дептерине көчүрүп жазуу керек. *Черновик текшерилбейт!*
3. Уюлдук телефонду колдонууга тыюу салынат.
4. Инженердик калькуляторду колдонууга болот.

**Инструкция:**

1. Время работы над заданиями теоретического тура составляет 4 часа без перерыва.
2. При вычислении задач можно воспользоваться черновиком, затем верное решение необходимо переписать в чистовик. *Черновики не проверяются*!
3. Запрещается пользоваться сотовым телефоном.
4. Допускается использование инженерного калькулятора.

| Упай<br>Баллы | | Катышуучунун коду<br>Код участника | |
|---|---|---|---|

**Физика боюнча республикалык олимпиаданын тапшырмалары. 2017-18-окуу жылы**
**Задания Республиканской олимпиады по физике 2017-2018 учебный год**

**1-эсеп.** Өтө жылмакай тегиздиктин үстүндө массасы 2 кг болгон аркан жатат. Аркандын бир учу тегиздикке мык менен кагылган. Аркандын бардык узундугу $l$ = 80 см. Аркандын экинчи учу жылмакай тегиздиктин четинен узундугу $l_1$ = 50 см ге салаңдап турат.

Мыкты сууруп салган учурда, аркан тегиздиктен кандай ылдамдык менен толук жылмышып түшөрүн аныктагыла. Аркан менен тегиздиктин ортосундагы сүрүлүүнү эске албагыла. **(8 балл)**

**Задача 1**. На абсолютно гладкой плоскости лежит веревка массой 2 кг. Один конец веревки закреплен гвоздем на плоскости. Длина веревки $l$ = 80 см, другой конец веревки свешивается с края абсолютно гладкой плоскости на длину $l_1$ = 50 см.

Определите скорость веревки в момент, когда она полностью соскользнет с плоскости, если гвоздь выдернуть? Трением веревки о плоскость пренебречь.

**(8 баллов)**

**2-эсеп.** Айнек идиш $10^0$C температурада сымап менен толтурулган. Сымап куюлган колбанын температурасын $30^0$C ге чейин ысытканда, сымаптын 0,0625 кг бөлүгү колбадан агып түшкөн. Сымаптын көлөмдүк кеңейүү коэффициенти $\beta_1 = 1{,}8\cdot10^{-4}$ град$^{-1}$, колбаныкы $\beta_2 = 2{,}45\cdot10^{-5}$ град$^{-1}$ жана сымаптын $0^0$C температурадагы тыгыздыгы $\rho_0$ = 13,598 г/см$^3$.

Колбанын $0^0$C температурадагы көлөмүн аныктагыла. **(10 балл)**

**Задача 2.** Стеклянная колба полностью заполнена ртутью при $10^0$C. После нагревания колбы до $30^0$C часть ртути вытекла и масса ртути уменьшилась на 0,0625 кг. Коэффициент объемного расширения ртути $\beta_1 = 1{,}8\cdot10^{-4}$ град$^{-1}$, колбы $\beta_2 = 2{,}45\cdot10^{-5}$ град$^{-1}$, плотность ртути при $0^0$C $\rho_0$ = 13,598 г/см$^3$.

Определите объем колбы при 0 $^0$C. **(10 баллов)**

**3-эсеп.** Сүрөттө эки параллель пластинадан турган конденсатор көрсөтүлгөн. Ар бир пластинанын аянты S ке барабар, алардын ортосундагы аралык $d$. Пластиналардын ортосундагы аралык пластинанын өлчөмдөрүнө салыштырмалуу өтө кичине. Пластиналардын бири катуулугу k болгон пружина менен дубалга бекитилген. Экинчиси кыймылсыз бекитилген. Абанын диэлектрдик өткөрүмдүүлүгүн 1ге барабар деп эсептегиле. Качан пластиналардын ортосундагы аралык $d$ га барабар болгондо, пружина деформацияланбайт. Бул абалда конденсатордун сыйымдуулугу $C_0 = \dfrac{\varepsilon_0 S}{d}$. Пластинага $+q$ жана $-q$ заряддарын бергенден кийин система механикалык тең салмактуулук абалга келет.




Тапкыла:

а)Ар бир пластинага аракет эткен электрдик күчтү $F_E$ .

б) Пружинага бекитилген пластинанын жылыш аралыгын $x$;

в) Ошол абалдагы пластиналардын ортосундагы потенциалдардын айырмасын.

Жообун $q$, $S$, $d$, $k$ параметрлери аркылуу бергиле.

г) $C/C_0$ чоңдугун $q,S,d,k$ функциясы сыяктуу аныктагыла. Бул жерде конденсаторлордун электр сыйымдуулугу $C=q/U$. $q$ – пластинанын заряды $U$–чыңалуу.

д) Системанын чогулган толук энергиясын $W$. Жообун $q$, $S$, $d$, $k$ параметрлери аркылуу бергиле. **(12 балл)**

**Задача 3.** Рассмотрим конденсатор, состоящий из двух параллельных пластин, как показано на рисунке. Площадь каждой пластины равна $S$ , расстояние между ними $d$ . Расстояние между пластинами значительно меньше размеров пластин. Одна из пластин прикреплена к стенке с помощью пружины жесткостью $k$, вторая пластина закреплена неподвижно. Считайте, что диэлектрическая проницаемость воздуха равна 1. Когда расстояние между пластинами равна $d$ пружина не деформирована. В этом состоянии электроемкость конденсатора равна $C_0 = \dfrac{\varepsilon_0 S}{d}$.




Пластинам сообщают электрические заряды $+q$ и $-q$, после чего система переходит в состояние механического равновесия.

Найдите:

а) Электрическую силу $F_E$ действующую на каждую пластину.

б) Смещение пластины $x$, прикрепленной к пружине.

в) Разность потенциалов $U$ между пластинами в этом состоянии. Ответ выразите через параметры $q, S, d, k$.

г) Величину $C/C_0$, как функцию $q, S, d, k$. Если $C$ – электроемкость конденсатора, равная по определению отношению заряда пластины к разности потенциалов между пластинами.

д) Полную энергию $W$, запасенной системой. Ответ выразите через $q, S, d, k$. **(12 баллов)**